# Айбек абдан күлкүчү



Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Айбек абдан күлкүчү

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by-nc/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно албайсыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Айбек абдан күлкүчү" (кыргыз тилинде), автор Айнагүл Базарбаева, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom




Айбек абдан күлкүчү,
Шайыр жүрөт күндүзү.
Уктаса да кээде ал,
Кыт-кыт чыгат күлкүсү.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Бүгүн Айбек күчүгүн,
Күлдүрүүнү ойлоду.
Ары-бери тынч албай,
Кечке чуркап ойноду.

– Ав, ав, – деп аны тууpаса,
– Ав-вав, – этип тап берди.
– Азыр сенден жашынам,
Издеп мени тап, – деди.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!







Күлдүрүүнү ойлоду,
Эми Айбек торпогун.
– Өө-өө! – десе шоктонуп,
– Мөө-мөө! – деди торпогу.

Торпок тишин көрсөтүп,
Жылмайгандай карады.
Кечке күлүп Айбектин,
Ойноп чери тарады.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Айбек күлдү каткырып,
Көрүп калып мышыгын.
Бетин жууп жатыптыр,
Самыны жок  жышынып.

– Эх-э-эй, таргыл мышыгым,
Жуунуп кайда барасың?
Келтирбечи күлкүмдү,
Бүгүн тойдон каласың!
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!







Жайып кырга койлорун,
Анда көрдү көп кызык.
Карай калса асманды,
Келе жатат төө жылып.

Төө деп турса, чөө экен,
Күлүп Айбек: – Өө! –деди.
Мына кызык, асманда,
Ак торпогу: – Мөө! –деди.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!


Футбол ойноп коңуздар,
– Ыз-ыз-ыз-ыз! – жүгүрөт.
Топтой кылып тезекти,
Тоголотуп жүрүшөт.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!





Чөп аралап жай жылып,
Бара жатат таш бака.
Аны менен жарышып,
Айбек ашты заматта.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Досторун да күлдүрүп,
Ынак жүрөт ар күнү.
Таң калам мен Айбекке,
Кайдан табат күлкүнү?
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли